УДК: 378.146

Турдубаева Б.М

*Жалал-Абад колледжи*

Маматумаров А.Т.

*Жалал-Абад мамлекеттик университети*

# ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮДӨ ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМДЕРИН БААЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада окуучулардын билимдерин баалоодо баалоонун ыкмаларын колдонуунун жолдору талдоого алынган.*

Акыркы он жыл ичинде билим берүү мазмунунда сапаттык өзгөрүүлөр болду: окутуунун негизги максаты катары сабак берүүгө жасалып келген басым, эми окуучунун копетенттүүлүгүн калыптандырууга көтөрүлдү. Пайда болгон “билим берүүнүн компетенеттик парадигмага өтүүсү окуучунун фактыларды жана идеяларды бириктирүүсү, аларды синтездөөсүн, жалпылоосун, анда кандайдыр бир жыйынтык чыгаруусун, маалыматты инерпретациялоосун карайт. Маалыматтар жана идеялар менен иштөө окуучунун проблемаларды чечүү мүмкүнчүлүгүн берет” [1]. Бул компететтик парадигманын алкагында окуу процессинин негизги компонентти катары; максат, мазмун, окутуу, баалоо камтылып калды. Бул маанилүү компоненттердин ичинен «окуу процессинде максат ишмердүүлүктүн ыкмаларын өздөштүрүү абалын билүү, билимдин, билгичтиктин калыптаныш деңгээлин аныктоо» [1]. Ал аныкталган деңгээлдер окуу процессинде баалоо менен аныкталып, баалоо менен өлчөнөт. Б.а. окуучунун ар бир окуу предметин, окуу материалын сапаттуу өздөштүрүүсүнүн деңгээлин аныктоо жана аны өлчөө баалоонун түрлөрүн натыйжалуу практикалоо менен мүнөздөлөт.

Учурдагы методикалык адабияттарда баалоонун “диагноздоочу”, “калыптандыруучу”, “жыйынтыктоочу” түрлөрү каралып, алардын мааниси, максаты, ишке ашыруунун техникалары, стратегиялары сунушталууда. Ал өз кезегинде “окутуу-тарбиялоонун көп кырдуулугун камсыздоо жана тарбиялоону демократиялаштыруу боюнча учурдагы талап мектеп билим берүүсүнүн күчтүү жана алсыз жактары жөнүндөгү так маалыматты алууну шарттайт” [1].

Диагноздоочу баалоонун мааниси “окуу материалынын сапаттуу өздөштүрүүсү үчүн окуучунун билимин (таяныч билимин) алдын-ала аныктап” [1] туруучу баалоо ишмердүүлүгү. Ал эми, “калыптандыруучу баалоо – бул окуу жана окутуу процессинин алгачкы этабында өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында окуучунун өнүгүүсүн баалоо.” [1,84] Ал баалоо окуу процессинде баа койбостон баалоочу баалоонун түрү.

“Жыйынтыктоочуу баалоо – бул окуу процессинин тигил же бул этабын жыйынтыктоо (жыйынтыгын чыгаруу) үчүн колдонулуучу баалоо” [1].

Жогорудагы баалоонун түрлөрү окуучулардын билим, билгичтик көндүмдөрүнүн өздөштүрүү деңгээлин ачып берүүгө көмөктөшөт да критерийлер (көрсөткүчтөр) окуу процессинде баалоонун түрлөрүн ишке ашырууга мугалимге жол көрсөтөт. Анткени, критерий термини баалоого негиз болгон термин. Окуучунун билимдерди “өздөштүрүү деңгээлинин сапаты окуучунун билимине, билгичтигине жана көндүмдөрүнө коюлган критерийлер аркылуу ишке ашат” [1]. Демек, окуучунун билимин баалоону ишке ашырууда критерийлер негизги курал боло алат.

Усулдук адабияттарда окуучунун окуу техникасын критериалдык баалоо жолу “*тууралык (ката кетирбөө), окуунун ыгы, түшүнүү* мүнөздөгүчтөр (критерийлер)” [2] менен көрсөтүлгөн.

*Таблица 1. Окуучулардын көрсөткөн натыйжаларын белгилөө үчүн токтом-таблицасы.*

| **№** | **Аты жөнү** | **Катышуу** | **Тууралык** | | | | | **Ыкма** | | | | | **Түшүнүү** | | | | **Натыйжа (108)** | **Баа** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | Катанын саны | Орточо балл (60) | Жай өтүүчү муунга (10) | Муун+сөз (35) | Сөз (45) | Сөз+сөз айкаш (60) | Балл (60) | Аты (20) | План (20) | Суроо (20) | Балл (60) | | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Бул токтом-таблицасын колдонууда окуучулардын текстти окуудагы катанын саны 3 катадан ашкан учурда окуучу текстти аягына чейин окуудан четтетилет. Кайра катанын санын кыскартканга чейин өз алдынча окууга машыгат. Ал катасыз окуунун мөөнөтүн көзөмөлдөөдө “тууралык” бөлүмү толтурулат. Орточо баллы коюлат. Ал эми “Ыкма” бөлүмүндө “окуунун ыгы” каралат. Бул адабиятта “окуунун ыгы” термин колдонулуп ага “жай өтүүчү муун”, “муун+сөз”, “сөз+сөз айкаш” көрсөткүчтөрү менен мүнөздөлүп, анда окуучунун кайсы окуу ыгына ээ экендиги менен баалоо жүргүзүлөт. Окуу техникасын көзөмөлдөөдөгү үчүнчү критерий “түшүнүү.” Анда окуучулар текст окуп жаткандагы сөз, сөз айкаштарга түшүнүп окуусу каралып, мугалимдин суроолору, текстке окуучунун ат коюшу, план түзүүсү кошо бааланат. Токтом-таблицасындагы көзөмөлдүн жыйынтыгы төмөнкүдөй жылдык жыйынтыктарды берет.

Таблица 2. *Катасыз окуунун мөөнөтүнө, окуу ыгына ар бир класс үчүн жарым жылдык снушталган талаптар*

| Классы | Жарым жылдык | Катасыз окуунун мөөнөтү[1] | Окуунун ыгы |
|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 25 | Муун |
| | 2 | 30 | Муун+сөз |
| 2 | 1 | 50 | Сөз |
| | 2 | 50 | Сөз+сөз айкаш |
| 3 | 1 | 60 | Сөз+сөз айкаш |
| | 2 | 70 | Сөз айкаш |
| 4 | 1 | 90 | Синтагма[2] |
| | 1 | 120 | Сүйлөм |

Аны менен катар “башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу” тренингдин материалдарында окуучулардын билимдерин баалоо төмөнкүдөй көрсөтүлгөн.

[1] Окуу ылдамдыгын өсүү динамикасы. Бүгүн окуучу 10 сөздө 3төн көп ката кетирсе, эртеси 15 сөздө ошончо ката камтылатю катасыз окуунун мөөнөтү номага жетүүсү сөздүн саны менен мүнөздөлөт.

[2] Бир нече сөздөрдү бир тыбыштык чынжырчага бириктирүүчү сүйлөмдүн (фразанын) маңыздык бөлүгү

*Таблица 3. Көрсөткүчтөрдүн теңдештирилген картасы.*

| Мөөнөтү | 7/4 | 15/5 | 28/6 | 7/5 | 15/6 | 28/8 | 7/6 | 15/8 | 28/9 | 7/8 | 15/9 | 28/10 | 7/9 | 15/10 | 28/11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Окуучулар | АБ | АБ | АБ | ФКА | ФКА | ФКА | ШО | ШО | ШО | СБ | СБ | СБ | ОТ | ОТ | ОТ |
| Асан | ЧӨ | ЧӨ | ЧӨ | КӨ | КӨ | КӨ | КӨ | КӨ | ЧӨ | КӨ | ЧӨ | ЧӨ | КӨ | КӨ | ЧӨ |
| Мээрим | КӨ | КӨ | ЧӨ | ӨЖ | КӨ | КӨ | КӨ | КӨ | КӨ | ЧӨ | КӨ | ЧӨ | ӨЖ | КӨ | ЧӨ |

АБ-алфавитти билүү СБ-сөз байлык ЧӨ-чебер өздөштүрдү
ФКА-фон-к кабыл алуу ОТ-окуп түшүнүү КӨ - көндүмдөрүн өнүктүрүүдө
ШО-шар окуу ӨЖ-өздөштүргөн жок

Окуучулардын адабий билимдерин баалоого карата сунушталган ыкмада окуучунун китеп окуу көндүмдөрүн;

- алфавиттик билүү (принцип);
- фонемалык кабыл алуу;
- шар окуу;
- сөз байлык;
- окуганды түшүнүү

Жогорку көрсөткүчтөрдүн теңдештирилген картасында көрсөтүлгөндөй ар бир окуу көндүмүн өздөштүрүү деңгээлин чебер өздөштүрдү (ЧӨ), көндүмдөрүн өңүктүрүүдө (КӨ), өздөштүргөн жок (ӨЖ) белгилери менен улам белгилеп, балдардын билимдерин баалоо сунушталган.

Окуучулардын адабий билимдерин баалоого карата сунушталган баалоонун ыкмаларын пайдаланууга көрсөтүлгөн ыкмалардын жемиштүү жактары:

**Мугалимге:** - окуучуну көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет;

- урутумдук, баасыз баалоо менен окуучунун көндүмдөрүн өнүктүрөт;
- окуучулардын ар биринин билим, билгичтик деңгээлин аныктоого жетишет;
- аныкталган деңгээлдерди андан ары өнүктүрүүгө ыкмаларды пайдаланууга шарт түзөт;
- баалоо ачык айкын жүргүзүлөт. ж.б.

**Окуучуга:** - окуучуда баага караганда окуу көндүмдөрүнүн деңгээли анык болот;

- өз алдынча даярданууга аракеттенет;
- аныкталган бир деңгээлден экинчи деңгээлге көтөрүлүүгө аракет жаралат. ж.б.

Жогорудагы окуучулардын адабий билимдерин баалоого карата сунушталган ыкмалардын колдонулушу жана анын жемиштүү жактары каралды. Аны менен катар биздин илимий ишибиздин мазмуну да окуучулардын окуу көндүмдөрүн уюштуруу, калыптандыруу, адабий билимдерин баалоонун ыктарын иштеп чыгуу маселерин үстүндө иштөөдө. Алсак, окуучулардын билимин баалоодо билим берүүнүн компетенеттик парадигмасына негиздөөдө окуучулардын адабий билимдерин баалоо жана окуу көндүмдөрүн калыптандыруу келечектүү проблемалуу маселелерден.

Адабияттар:

1. Калдыбаев С.К., Мамытов А.М., Иптаров С.И. Педагогикалык баалоонун негиздери Бишкек. – 2014, 80-81-93-101-бет. С. Хамзина, А. Буркитова, М. Мыкыева Башталгыч мектепте баалоо Бишкек. – 2014. - 72-бет.